***DOI:10.26104/NNTIK.2022.67.89.079***

***Хидирова Ч.Х.***

# СИНТАКСИСТИК КОНСТРУКЦИЯЛАР ЖАНА СИНТАКСИСТИК ТҮРМӨКТӨР

***Хидирова Ч.Х.***

# СИНТАКСИЧЕСКИЕ КОНСТРУКЦИИ И СИНТАКСИЧЕСКИЕ ОБОРОТЫ

***Ch. Khidirova***

# SYNTACTIC CONSTRUCTIONS AND SYNTACTIC TURNOVERS

*УДК: 81.367 (575.2) (04)*

*Бул макалада тил илиминдеги синтаксистик конструкциялар жана синтаксистик түрмөктөр терминдеринин жалпылыктары жана айырмачылыктары, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, семантикалык-грамматикалык типтери, синтаксистик кызматы жөнүндө сөз болот. Синтаксистик конструкция гиперонимдик термин катары каралып, анын гипонимдери болуп аналитикалык формалар, сөз айкаштары, синтаксистик түрмөктөр, сүйлөм, экспрессивдик конструкциялар, келки конструкциялар, фраза, текст эсептелери белгиленет. Синтаксистик түрмөк термини синтаксистик конструкция термининин бир гипоними катары жалпысынан конструкциялык түзүлүшкө ээ болгону менен, анын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүккө ээ болгон касиетине ылайык синтаксистик түрмөк термини менен аталары, синтаксистик конструкция терминине салыштырмалуу тар масштабга ээ болору, башка конструкциялар менен жалпыгы жана айырмачылыгы кыскача анализделип жыйынтыкталат. Синтаксистик түрмөктөр сүйлөмдө гана жаралып, сүйлөмдөн сырткары түрмөк болуудан калат.*

***Негизги сөздөр:*** *синтаксистик конструкциялар, синтаксистик түрмөктөр, кыргыз тили, атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч, изафет, зат атооч, сын атоочтук түрмөк.*

*В этой статье анализируются общность и различие терминов синтаксические конструкции и синтаксические обороты в языкознании, их особенности и типы, виды синтаксических конструкций. Термин «синтаксическая конструкция» расматривается как гипероним в отношении с термином «синтаксический оборот». Синтаксическая конструкция как гипероним включает в себя следующие гипонимы: аналитические формы, словосочетания, синтаксические обороты, предложение, экспрессивные конструкции, фразы, текст. Являясь гипонимом синтаксической конструкции синтаксический оборот имееть свои особенности, которые отличают его от других синтаксистик конструкций, и значение более узкое, чем термин синтаксическая конструкция. Анализируется различие синтаксических оборотов от других синтаксических конструкций. Синтаксический оборот образуется только в предложении, и является зависимым от контекста, вне контекста он теряет природу синтаксического оборота.*

***Ключевые слова****: синтаксические конструкции, синтаксические обороты, причастные обороты, деепричастные обороты, отглагольные конструкции, изафет, существительные, прилагательные конструкции.*

*In this article investigated peculiarities and types of syntactic conctructions and syntactic clausies (turnovers) in linguistics. The term syntactic conctruction is considered as a hyperonym in relation to the term syntactic clause. Syntactic conctruction as a hyperonym includes the following hyponyms: analytical forms, combination of words. syntactic clausies (turns), sentences, expressive conctructions, phrases, texts. Syntactic clausies (turnovers) are being hyponym of syntactic conctruction, has its own features that distinguish it from other syntactic conctructions, and the meaning is narrower than the term syntactic conctruction. The difference of syntactic turnover (turns) from other syntactic conctructions is analyzed. Syntactic turnover formed only in a sentence, and depend from context, outside of context, it loses the nature of syntactic turnover.*

***Key words****: syntactic constructions, syntactic turns, participial turns, adverbial turns, verbal constructions, isafet, nouns, adjectives constructions.*

Тил илиминдеги синтаксистик конструкция жана синтаксистик түрмөк терминдеринин маанилик жана колдонулуш чеги бүгүнкү күнгө чейин так ажырымдалып берилбестен, бири-бирине өтмө катар колдонулуп келүүдө. Бул терминдердин келип чыгышы конструкция термини менен түздөн-түз байланыштуу. «Конструкция» деген термин бир эле тил илиминде эмес, башка илимдерде да кеңири колдонулат.

Терминдердин табиятын тактоонун бирден-бир жолу жолу катары илимий лингвистикалык эмгектердеги, анын ичинде сөздүктөрдөгү аныктамаларга токтолуп, анализдөө менен фактылык материалдарга салыштыруу аркылуу жыйынтык чыгаруу болуп эсептелет. Андыктан жалпы тил илиминдеги лингвистикалык сөздүктөрдө «конструкция» терминине берилген аныктамаларга токтоло кетсек: А.П. Евгеньеванын редакторлугу астында чыккан «Орус тилинин сөздүгүндө **«1.** Курулуш, түзүлүш, бөлүктөрдүн, тетиктердин өз ара байланышып биригиши (курулуш, түзүм, механизм ж.б.). Жаңы конструкциядагы самолёт. Эски конструкция. *Көпүрөнүн конструкциясы (конструкция моста).* **2.** *Көптүк мааниде.* (*констру́кциялар*). Татаал түзүлүштөгү курулуш жана анын бөлүктөрү, түзүүчүлөрү. *Болот конструкция. Темир конструкция.* **3.** *Грамм.* Грамматикалык жактан байланышкан сөздөрдүн айкашы. *Синтаксистик конструкция. Сүйлөмдүк конструкция ж.б.* [24]» деп берилсе, Д.Н. Ушаковдун редакторлугу астында чыккан «Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «Констру'кция - [латын. constructio] (китеп. стиль.). **1.** Кандайдыр бир жабдуунун, курулуштун, унаанын (машине) тетиктеринин, бөлүктөрүнүн өз ара байланыштуу түзүлүшү, мерчеми (планы): *Унаанын конструкциясы. Татаал конструкциядагы унаа. Заводдун К.* || Искусство чыгармасынын байланыштуу бөлүктөрү,

түзүлүшү (көбүнчө. адаб., архитектура и бедизчилик (скульптура); искус.). ‖ Грамматикалык жактан байланышкан сөздөрдүн тизмеги (грам.). Синтаксистик к. **2.** Жабдуунун өзү, курулуш, татаал же жөнөкөй түзүлүштөгү унаа. Темир-бетондук К. **3.** Театралдык көрүнүштөр үчүн жасалган татаал техникалык жабдуу, кыймыл-аракеттердин түзүмү, монтажы. *Конструкциянын монтажы белгилүү сүрөтчүгө табышталган*», [21]. Жеребилонун сөздүгүндө да бул термин латындын constructio – түзүү, куруу - «составление, построение» деген маанидеги сөзүнөн алынып, тил илиминде грамматикалык эрежелердин негизинде байланышкан сөз тизмектери делет, «конструкция жана түрмөктүк байланыш түрмөктөрү / конструкция и обороты связи» терминдерине «1) илимий кепте, расмий-иштиктүү стилде колдонулуучу синтаксистик конструкциялар. Мисалы: Эми маселеге кайрылсак.... Дагы төмөнкүнү белгилесек болот .... Муну далилдөөгө болот... ж.б. 2) Бардык стилдерге, анын ичинде илимий стилге да мүнөздүү болгон тилдик каражаттардын бири. Илимий кепте конструкция жана байланыш түрмөктөрү логикалык басым жасалган, ошол эле учурдатаасир этүү функциясын аткарган каражат: Ошону менен катар ....белгилей кетсек болот, Урал үчүн ... деген жыйынтык чыгарсак болот; 3) Илимий стилдин маалыматтык моделдеринин бир элементи, негизги ойду камтыган моделдик таянычка ээ болгон тилдик каражаттардын тобу, түрмөгү / Один из элементов информационной модели научного стиля, входящий в смоделированный с опорой на подчеркнутую логичность набор языковых средств», - деген аныктама берилет [23: 162- 163-бб.].

Ал эми «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясында «Конструкция (тил илиминде) – сөздөрдүн өз ара айкалышкан бирдиктери. Конструкциянын ички мазмуну сүйлөмдүн грамматикалык касиеттеринен жана синтаксистик байланыштарынан байкалат. Грамматикада төмөнкү түшүнүктөр бар: 1) баяндоочтук Конструкция – ар түрдүү баяндооч менен айкалышып, сүйлөмдүн бир бөлүгүн түзгөн синтаксистик Конструкция; 2) тактоочтук Конструкция; 3) чакчыл Конструкция; 4) атоочтук Конструкция Конструкциянын өзгөчөлүктөрү жана алардын саны конкреттүү тилдин грамматикалык структурасына байланыштуу болот. Айрым Конструкциялар бир нече тилге мүнөздүү болушу мүмкүндүк. Мисалы, жогоруда саналган конструкциялар көбүнчө түрк, славян тил топторуна мүнөздүү. Театрдагы Конструкция – 1) жасалгалардын көлөмдүү бөлүктөрүн орнотуучу каркас; түз, дөң жерлерди жасалгалоо жана аларды өзгөртүп туруу үчүн даярдалган, залда олтургандарга көрүнбөс үчүн үстү жабылган ар кандай формадагы түзүлүштөр; 3) жасалганы жылдыруучу механизм» [10]», «Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасында» «Синтаксистик конструкция - сөздөрдүн (сөз формаларынын) синтаксистик бирдик катары каралган тизмеги; бүткөн ойду билдирген айтым. С.К. синтаксистеги кеңири түшүнүктөрдүн бири, ал түрдүү мүнөздөгү синтаксистик түзүлүштөрдү камтыйт: 1) түзүлүшү боюнча минималдуу, б.а., түгөйлөрдүн минимумунан турган конструкциялар (жөнөкөй сөз айкаштары); 2) татаал конструкциялар (татаал сөз айкаштары, сүйлөмдөр); 3) аралаш конструкциялар (жөнөкөй конструкциялардын биригүүсүнөн пайда болгондор, обочолонгон түшүндүрмө мүчөлүү же атоочтук, чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөр, тике бөтөн сөздөр). С.К-га парадигмалык өзгөрүүлөр мүнөздүү. Кээде бир өңчөй мүчөлөр С.К. катары каралат.

С.К. түшүнүгү абстракттуу тилдик моделге карата да, ошол модель боюнча уюшулган тилдик конкреттүү бирдикке карата да колдонулат. Буга ылайык, С.К. предикативдик жана предикативдик эмес, минималдуу жана татаалдашкан түрдөгү, эркин жана эркин эмес (фразеологиялык), активдүү жана пассивдүү түрдө болушу мүмкүн. «С.К.» термини сөз айкашынан жана сүйлөмдөн кичине бирдиктерге карата колдонулбайт, мис., сөз айкашы болбогон синтагмалар, өзүнчө сүйлөмдү түзө албаган сөз формалары» деген түшүндүрмө берилет [13, 204-205-бб.].

Бул аныктамалардан, «Конструкция» деген термин бир эле тил илиминде эмес, башка илимдерде да кеңири колдонуларын, конструкция деп бир канча нерселердин, тетиктердин, сөздөрдүн... биригишинен түзүлүп, пайда болгон биримдик экендигин, тил илиминдеги конструкция термини бир канча сөздөрдүн семантика-грамматикалык жактан биригишинен турган сөз айкаштарын (туруктуу жана эркин), түрмөктөрдү, сүйлөмдөрдү, фраза, текстти (микро же макро) түшүндүрөрүн байкоого болот.

Синтаксистик конструкция термини синтаксистик түрмөк termининен алда канча кеңири жана масштабдуу түшүнүккө ээ. Ал - тилдик гипероним, бир канча тилдик гипонимдерди өз ичине камтыйт. Анын гипонимдери - сөз айкаштары, аналитикалык формалар, синтаксистик түрмөктөр, экспрессивдик конструкциялар, келки конструкциялар, фразалар, сүйлөмдөр, текст жана алардын түрлөрү.

Жыйынтыктап айтканда, синтаксистик түрмөк деген термин - синтаксистик конструкциянын бир түрү, эки же андан ашык толук маанилүү сөздөрдүн семантика-грамматикалык жактан өз ара өтө тыгыз айкалышып, ажырагыс түрдө байланышып келиши [4, 5,6,7,12,18,26]. Синтаксистик түрмөк сүйлөм ичинде гана жашай алат. Сүйлөмсүз, контекстсиз синтаксистик түрмөк түрмөк болбой калат. Синтаксистик түрмөктүн ички мазмуну сүйлөмдүн грамматикалык касиеттеринен жана синтаксистик байланышынан байкалат. Синтаксистик түрмөктөрдүн өзгөчөлүктөрү жана алардын саны конкреттүү тилдин грамматикалык структурасына байланыштуу [18, 26].

Кыргыз тилинде, башка түрк тилдериндегидей эле, төмөнкүдөй синтаксистик конструкциялар бар: атоочтук түрмөк (АТ); чакчыл түрмөк (ЧТ); кыймыл атоочтук түрмөк (КТ); изафеттик түрмөк (ИТ); «Бар», «жок» деген этиштер аркылуу уюшулган түрмөк (ЭТ); тактоочтук түрмөк (ТТ); «Экен», «экендик» модалдык сөздөрү аркылуу уюшулган түрмөк (МТ); Бөтөн сөздөн турган түрмөк (БСТ); сын атоочтук түрмөк (САТ) [2,3,5,18,25,26,27,28].

Бүгүнкү күндө кыргыз тил илиминде синтаксистик түрмөктөрдүн баарын системалуу түрдө камтып, табиятын ачуу боюнча атайын тереңдетилип жазылган илимий эмгек жазыла элек. Айрым синтаксистик түрмөктөр жөнүндө маалыматтар синтаксис боюнча илимий эмгектерде азыноолак гана сөз кылынуу менен гана чектелип келет. Өзгөчө «бар», «жок» деген этиштер аркылуу уюшулган түрмөк (ЭТ), тактоочтук түрмөк (ТТ),»экен», «экендик» модалдык сөздөрү аркылуу уюшулган түрмөк (МТ), бөтөн сөздөн турган түрмөк (БСТ), сын атоочтук түрмөктөрдүн (САТ), табиятын иликтөө жагы кыргыз тил илиминде көз жаздымында калтырылып келүүдө. Бул жагдай синтаксистик конструкциялар катышкан сүйлөмдөргө талдоо жүргүзүүдө кыйынчылыктарды жаратууда. Ошондуктан бул маселе бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселе жана анын чечилиши үчүн ар бир түрмөк боюнча боюнча тереңдетилген иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшү шарт.

**Адабияттар:**

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. - Б.: «Ай-бек» фирмасы, 1997. - 287-б.; Акунова, Б.Чокошева, Г.Эшимбекова. - Б., 2009. - 87-б.
2. Абдуллаев А.Б. Конструкции с чужой речью как самостоятельная категория узбекского синтаксиса. - Т.: «Фан» Уз ССР, 1985. - 88 с.
3. Гусейнова М.Б. Изафетные словосочетания в кумыкском языке. АКД. - Махачкала, 2006.
4. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. - Фрунзе: «Мектеп», 1980. - 227-б.
5. Долуева З.Д. Чакчыл конструкциялардын кеңейиши жана структуралык көлөмү. - Б.: ЖИ «Сарыбаев Т.Т.», 2015. - 26-б.
6. Дыренкова Н.П. Грамматика шорского языка.-М.-Л.: 1941.
7. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф., 1979. - 323-б.
8. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Б., 1995. - 390-б.
9. Кононов А.Н. Грамматика турецкого литературного языка. - М.-Л.: ИздАН СССР, 1956. - 106-112-б.
10. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. -Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012. - 832 бет, илл. ISBN 978 9967-14-104-9.
11. Кыргыз тили. Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов, А.Турсунов. - Ф.: Мектеп, 1986. -352-б.
12. Кыргыз тилинин жазма грамматикасы. / Азыркы кыргыз адабий тили. - Б.: «Аврасия Пресс», 2015. - 704-б.
13. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы. - Б., 2015. - 256-б.
14. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Фрунзе: «Мектеп», 1969. - 309-б.
15. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Бишкек: «Аврасия Пресс», 2015. - 760-б.
16. Майзель С.С. Изафет в турецком языке. - М.-Л: Изд. АН СССР, 1957. - 186 с.
17. Машрабов А.А. Кыргыз тилинде тууганчылык терминдеринин функционалдык-семантикалык микросистемасында гетеронимдик жана гипонимдик катыштар. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2016. - №8. - 7-9-б.
18. Мураталиев М. Кыргыз тилиндеги тике жана кыйыр сөздөр. - Ф.: «Илим», 1964. - 62-б.
19. Мусаев С.Ж. Парадигматические типы причастных конструкций в кыргызском языке. - Фрунзе: «Илим», 1987. - 160 с.
20. Тойчубекова Б., Мураталиев М. Кыргыз адабий тилинин синтаксистик структурасынын совет доорунда өзгөрүшү. - Ф.: «Илим», 1987. - 176-б.
21. Токтоналиев К., Токоев Т. Азыркы кыргыз тили (синтаксис). - Б.: «Бийиктик плюс», 2015. - 296-б.
22. Толковый словарь русского языка. Под редакцией Д.Н. Ушакова (1935-1940); (эл. версия): Фундаментальная электронная библиотека.
23. Турсунов А. Азыркы кыргыз тилиндеги чакчылдар. - Ф.: Кыргыз окуупедмамбас, 1960. - 115-б.
24. Словарь лингвистических терминов. Под ред. Жеребило Т.В. – Назрань: Издательство ООО «Пилигрим», 2010.
25. Словарь русского языка: в 4-х т. / РАН, Ин-т лингвистич. исследований; под ред. А. П. Евгеньевой. - 4-е изд., стер. - М.: Рус. яз.; Полиграфресурсы, 1999; (эл. версия): Фундаментальная электронная библиотека.
26. Хидирова Ч.Х. Кыргыз тилиндеги атоочтуктар. - Бишкек. 2006. - 224-б.
27. Хидирова Ч.Х. Кыргыз тилиндеги синтаксистик конструкциялар. // «Эл агартуу», 2011.
28. Хидирова Ч.Х. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим дастаныndагы I, II, IY типтеги изафеттик түрмөктөрдүн колдонулушу. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2016. №7. 284-288-б. http://195.38.183.38/ru/journal/1/ 2016/7/
29. Хидирова Ч.Х. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим дастанында зат атоочтук түрмөктөрдүн колдонулушу. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2016. №7. 299-304-б. http://195.38.183.38/ru/journal/1/2016/7/